**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ
МИНИСТРЛИГИ
АДИСТЕШТИРИЛГЕН БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ
АГЕНТТИГИНЕ КАРАШТУУ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДИК
ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БААЛОО БОЮНЧА ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК
БОРБОРУ**

# ЖАЛПЫ ОРТО ЖАНА МЕКТЕПТЕН ТЫШКАРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН МУГАЛИМДЕРИН АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНООДО КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ

**Ташкент-2026**

**ЖАЛПЫ ОРТО ЖАНА МЕКТЕПТЕН ТЫШКАРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТ ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН МУГАЛИМДЕРИН АТТЕСТАЦИЯДАН ӨТКӨРҮҮ ҮЧҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК СЫНООДО КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАРДЫН СПЕЦИФИКАЦИЯСЫ**

Спецификация кыргыз тили жана адабияты окуу предметинен жалпы орто билим берүү уюмдары мугалимдеринин аттестациялоодон өткөрүүдөгү квалификациялык сыноодо пайдалана турган тест тапшырмаларын мазмунун, камтылышын, түрүн, формасын, баалоо критерийлерин жана өткөрүү тартибине коюлган талаптарын чагылдырат.

## I. Жалпы принциптер

Баалоонун максаты – талапкерлердин кыргыз тили жана адабияты предмети боюнча теориялык билимдерин, практикалык көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн комплекстүү баалоо. Ушул баалоонун натыйжаларынын негизинде педагогдук кадрлардын аттестациясына кабыл алынган фактыга негизделген болушун камсыз кылуу максатында баалоонун бардык баскычтарында негиздүүлүк, ишенимдүүлүк, адилеттүүлүк жана ачык-таза принциптерине амал кылуу камсыздалат.

## II. Ченемдик негиздер

1.Өзбекстан Республикасы Президентинин “Мектепке чейинки жана мектепте билим берүү министрлигинин ошондой эле анын системасындагы уюмдардын ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруу иш-чаралары жөнүндө” 2023-жылдын 26-майындагы ПФ-79-сан Жарлыгы.

2.Минстрлер Кеңешинин 2021-жылдын 17-сентябрындагы “Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, профессионалдык жана мектептен тышкары билим берүү уюмдарынын педагогдук кадрларын аттестациядан өткөрүү тартибин өркүндөтүү иш-чаралары жөнүндө” 572-сан Токтому.

3.Өзбекстан Республикасы Минстрлер Кеңешинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, профессионалдык жана мектептен тышкары билим берүү уюмдарынын педагогдук кадрларын аттестациядан өткөрүү тартиби өркүндөтүлүшү менен байланыштуу Өзбекстан Республикасы Минстрлер Кеңешинин “Мектепке чейинки, жалпы орто, орто атайын, профессионалдык жана мектептен тышкары билим берүү уюмдарынын педагогдук кадрларын аттестациядан өткөрүү тартибин өркүндөтүү чаралары жөнүндө” 2021-жылдын 17-сентябрындагы 572-сан токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө” 692-сан Токтому.

## III. Баалоонун камтылышы

Кыргыз тили жана адабият предметинин мугалимдери үчүн адистик предмет боюнча 35, кесиптик стандарттар боюнча 5, педагогикалык чеберчилик боюнча 10, жалпысынан 50 тесттик тапшырма сунушталат жана жалпы тесттик тапшырмаларды аткарууга 105 мүнөт убакыт берилет.

Мында жабык түрдөгү тесттик тапшырмалар колдонулат бир гана туура жоопту талап кылган тесттик тапшырмалар (Ү1), дал келтирүүнү талап кылган

тесттик тапшырмалар (Ү2) жана ырааттуулукту аныктоону талап кылган тесттик тапшырмалар (Ү3).

**Тест тапшырмаларынын мазмун багыты жана баалана турган билим жана көндүмдөрү боюнча бөлүштүрүлүшү**

*1-жадыбал*

| **Мазмун багыты** | **Билим жана көндүмдөр** | **Тесттердин саны** |
|---|---|---|
| **1.КЫРГЫЗ ТИЛИ** | | **20** |
| **1.1. Окуу сабаттуулугу (1 – 5 суроолор)** | | |
| **Илимий-популярдуу текстти окуп түшүнүү** | – тексттин негизги идеясын, максатын жана аудиториясын, автордун позициясын аныктоо;<br>– вербал жана визуалдык маалыматтарды бириктирүү жана корутунду чыгаруу;<br>– маалыматтарды далилдөө, салыштыруу жана жалпылоо;<br>– тексттеги факт менен пикирди айрымалай алуу;<br>– себеп-натыйжа жана процесстердин ырааттуулугун түшүнүү;<br>– тексттин түзүлүшүн талдоо жана тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыштарды аныктоо. | 5 |
| **1.2. Тилди практикалык колдонуу(6 – 15 суроолор)** | | |
| **Орфоэпия жана орфография** | *- тамгалардын, уңгу жана мүчөлөрдүн айтылышын жана жазылышын билүү жана колдоно алуу;*<br>*- кошуп, бөлүп, дефис менен жазуу эрежелерин билүү жана колдоно билүү;*<br>*- баш тамгалардын жазылыш эрежелерин билүү жана колдоно алуу;*<br>*- фонетикалык өзгөрүүлөрдү (тыбыштын кошулуусу, алмашуусу жана түшүп калуусу) ажырата билүү.* | 4 |
| **Пунктуация** | *жазма кепте тыныш белгилерин (суроо, илеп, кош чекит; үтүр, сызык, чекиттүү үтүр, кашаа, тырмакча) туура колдоно билүү;* | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| **Стилистика** | *-контексттеги суффикстердин маанисин жана кызматын түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;*<br>*-сөздөрдүн контексттеги маанисин жана милдетин түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;*<br>*- сөз айкаштарынын контексттеги маанисин жана милдетин түшүнүү, айырмалоо жана туура колдонуу;*<br>*-берилген кырдаалга ылайыктуу кеп үлгүлөрүн тандоо.* | 4 |
| **1.3. Тил теориясы жана лингвистикалык талдоо (15 – 20 суроолор)** | | |
| **Лингвистикалык талдоо** | *- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин фонетикалык нормаларынын негизинде талдоо;*<br>*- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин лексикалык нормаларынын негизинде талдоо;*<br>*- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин морфемикалык нормаларынын негизинде талдоо;*<br>*- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин морфологиялык нормаларынын негизинде талдоо;*<br>*- текстти азыркы кыргыз адабий тилинин синтаксистик нормаларынын негизинде талдоо.* | 5 |
| **2.АДАБИЯТ** | | **15** |
| **2.1. Көркөм текстти талдоо (21 – 25 суроолор)** | | |
| **Көркөм текст (эпикалык, драмалык) талдоо** | *- үзүндүнүн жалпы мазмунун түшүнүү;*<br>*- ачык айтылбаган пикирлерди, идеяларды түшүнүү;*<br>*-үзүндүнүн адабий түрүнүн жана жанрынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо;*<br>*-автордун стилине ылайыктуу касиеттерди талдоо;*<br>*-көркөм сөз каражаттарын табуу, алардын максатын жана окурманга тийгизген таасирин талдоо;*<br>*- үзүндүнүн негизинде образдарга мүнөздөмө берүү.* | 6 |
| **2.2. Адабият тарыхы (26 – 32 суроолор)** | | |

| | | |
|---|---|---|
| **Улуттук адабият** | *- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо*<br>*- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз поэзиясынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо*<br>*- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз прозасынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо*<br>*- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген кыргыз драматургиясынын үлгүлөрүн түшүнүү, талдоо жана баалоо* | 5 |
| **Дүйнөлүк адабият** | *- жалпы орто билим берүү программасына киргизилген дүйнөлүк адабияттын тарыхында маанилүү роль ойногон эпикалык жана драмалык чыгармаларды түшүнүү, талдоо жана баалоо*<br>*- дүйнөлүк адабияттын тарыхында маанилүү роль ойногон лирикалык чыгармаларды түшүнүү, талдоо жана баалоо;* | 2 |
| **2.3. Адабият теориясы жана көркөм текстти талдоо (33 – 35 суроолор)** | | |
| **Классикалык лирикалык чыгармаларды талдоо** | *-чыгарманын жанрын, метрин, рифмасын аныктоо;*<br>*-поэзиядагы образдарды жана символдорду түшүнүү;*<br>*- көркөм искусство чыгармаларын талдоо.* | 2 |

**Кесиптик стандарттар жана педагогикалык чеберчиликтен түзүлгөн тест тапшырмаларынын мазмундук тармагы жана бааланчу билим менен көндүмдөрү боюнча классификациясы**.

*2-жадыбал*

| **1. КЕСИП СТАНДАРТЫ (36-40- суроолор)** | | **5** |
|---|---|---|
| **1.1. Кесиптик стандарттар** | —Педагогдун кесиптик стандарттарын (окуу процессин пландаштыруу, билим берүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу, өздөштүрүүнү баалоо жана кайтарым байланыш берүү, тарбиялык ишти уюштуруу, коопсуз жана өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү жана камсыз кылуу, өзүн-өзү өнүктүрүү жана кесиптик өсүү, кесиптештер жана билим алуучулардын ата-энелери менен кызматташуу) билүү жана педагогикалык кырдаалдарда колдоно алуу. | 5 |
| **2. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИК (41-50 -суроолор)** | | **10** |

| | | |
|---|---|---|
| **2.1.Жалпы педагогика** | – Педагогика, дидактика, тарбия жана жаштар психологиясынын негиздерин жана алардын ыкмаларын билүү, берилген кырдаалга ылайыктуу ыкманы тандап билүү;<br>Педагогиканын принциптерин (санаалуу жана активдүү болуу, көркөмдүк, системдүүлүк жана туруктуулук, илимий негиздүүлүк, теория менен практика биримдиги ж.б.) билүү жана берилген кырдаалга ылайык колдонуу;<br>Тарбия жана анын түрлөрүн билүү, айырмалоо жана берилген кырдаалга ылайык тандап билүү;<br>Сабак жана анын түрлөрүн билүү, сабакты пландоо, уюштуруу жана класс жетекчилигин жүргүзүү ыкмаларын конкреттүү кырдаалдарда колдонуу;<br>Класс жетекчисинин укуктары жана милдеттерин билүү, класс документтери менен иштей билүү, аларды жүргүзүүдө туура тартипти сактоо, класс жамаатын туура түзүү, педагогикалык этика эрежелерин сактоо, ата-энелер менен натыйжалуу кызматташуу формаларын тандоо, кыйын кырдаалда оптималдуу стратегикалык ыкманы колдонуу;<br>Педагогикалык этика, сүйлөө маданияты, техника, чыгармачылык, педагогикалык адеп, компетенттүүлүк, коммуникация маданияты, тактык/нэзиктик, креативдүүлүк, рефлексия жана кесиптик өсүү негиздерин билүү жана берилген кырдаалга ылайык колдонуу;<br>Педагогикалык жөндөмдөр жана алардын түрлөрүн (дидактикалык жөндөм, академиялык жөндөм, перцептивдүү-педагогикалык жөндөм, сүйлөө маданияты, уюштурууучулук жөндөм, коммуникативдик жөндөм, авторитардык жөндөм ж.б.) билүү жана конкреттүү кырдаалдарда колдонуу;<br>Окутуу технологияларын (долбоорго негизделген окутуу, көйгөйлүү окутуу, кызматташууну талап кылган окутуу, эвристикалык окутуу, жеке багытталган окутуу, интерактивдүү окутуу, дифференциалдык окутуу, интегралдык окутуу, оюндун формасында окутуу, инклюзивдик окутуу ж.б.) билүү жана кырдаалга ылайык тандап билүү. | 7 |
| **2.2. Окутуу методикасы** | Предмет боюнча окутуу ыкмаларын, методикасын жана технологияларын билүү;<br>Предмет боюнча окутуу ыкмаларын жана методдорун айырмалоо жана берилген кырдаалга ылайык тандоо;<br>Предмет боюнча берилген окуу кырдаалына байланыштуу кабыл алынган чечимдерди баалоо.. | 3 |

Тесттик тапшырмаларды когнитивдик көндүмдөр боюнча бөлүштүрүү төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

**Когнитивдик жөндөмдөрдү бөлүштүрүү** *4-жадыбал*

| Т/r | Когнитив даража | Түшүндүрмөсү | Тест саны |
|---|---|---|---|
| 1 | **Билим** | Дисциплинага байланыштуу теориялык маалыматтарды, терминдерди, эрежелерди жана түшүнүктөрдү эстеп калуу, алардын мазмунун, максатын жана колдонулушун түшүнүү | 8 |
| 2 | **Колдоо** | Билим, түшүнүк жана жаңы процедураларды жаңы контекттерде колдой алуу | 35 |
| 3 | **Ой жүгүртүү** | Фактлар, далилдер, пикирлерди салыштыруу, талдоо, болжол жана корутунду чыгаруу | 7 |

## IV. Баалоо ченеми

Тест тапшыруучунун жалпы баллын эсептөө үчүн ар бир туура жоопко 2 балл, туура эмес жоопко 0 балл берилет. Адистик предметинен максималдуу балл 100 баллды түзөт.

## V. Экзамен тартиби

Тыюу салынган каражаттар: сынак учурунда уюлдук телефондорду, акылдуу сааттарды, планшеттерди же электрондук эскертүүлерден колдонууга катуу тыюу салынат.

Этика жана тартип: көчүрүү, жардам суроо же жардам берүү, сынак учурунда сүйлөшүү, уруксатсыз чыгуу ж.б.у.с. катуу тыюу салынат.

Көзөмөлдөөчү тартип бузууну аныктаган учурда аны расмийлештирип, талапкерди тестирлөөдөн четтетет жана жыйынтыгын жокко чыгарат.

## VI. Инклюзивдүүлүк жана дал келүүчүлүк

Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар талапкерлер үчүн кошумча 15% убакыт берилет. Мындан тышкары, тапшырмалардын берилиш формасы жана түрү да аларга ылайык жана ыңгайлуу түрдө сунушталат.

Көрүү тармагында мүмкүнчүлүгү чектелген талапкерлер суроолорду окуп берүү үчүн атайын техникалык жардамчы менен келүүгө уруксат берилет, бирок ал суроонун туура жообун айтууга болбойт.

## VII. Сунуштала турган негизги адабияттар

Бул маселени өзгөчө баса белгилеп айтуу керек, тест тапшырмаларынын мазмуну төмөндө сунушталган адабияттарда камтылган мазмун, принциптер

жана ыкмалар менен шайкештирилген. Талапкерлер ушул адабияттардын мазмунун жаттап алуу менен жогорку балл алам деп күтпөшү зарыл. Сунушталган адабияттар квалификациялык сыноолорго даярдануунун булагы катары гана кызмат кылат.

## АДАБИЯТТАР:

### Кыргыз тили:

**1.** Кыргыз тили. **5-класс (I бөлүк)** [Текст] Окуу китеби / Ш.К. Уринбаева Г.Э.Шерматова; редактору М.И.Сулайманова– Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -124 б.
2.Кыргыз тили. **5-класс (II бөлүк**) Окуу китеби / Уринбаева Ш.К. Шерматова Г.Э.– Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -144 б.
3.Кыргыз тили [Текст]: **6-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринбаева [жана башк]. - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
3. Кыргыз тили: [Матн]: **7-классы** үчүн окуу китеби/Ш.К.Уринова, Г.К.Шерматова - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
4. Кыргыз тили **8-класс** [Текст]: окуу китеби/Ш.Уринова, Н.Пардабаева; редактору Н.Алисултонова – – Ташкент: Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б
5.Кыргыз тили: **9-класс** [Текст]: окуу китеби / / Ш.Уринбаева, Н. Пардабаева; редактору Н.Алисултонова – – Ташкент: Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 224 б
6..Кыргыз тили [Текст]: **10-класс** үчүн окуу китеби / Ш.К.Уринбаева, - [жана башк] - Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. -224-б.
7. Кыргыз тили [Текст]: **11-класс** үчүн окуу китеби / Ш.Уринбаева, - [жана башк] - Т.: Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -112 б.

### АДАБИЯТТАР:

8. Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова (I бөлүк) [Текст]: Окуу китеби М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова; редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -100 б.
Адабият **5-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова (II бөлүк) [Текст]: Окуу китеби М.А.Темирова, М.А.Сатибалдиев, Г.А.Темирова; редактору М.И.Сулайманова. – Ташкент: “Novda Edutainment”, 2024. -128 б.
9.Адабият [Текст]: **6-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент:, Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.
10.Адабият [Текст]: **7-класс** үчүн окуу китеби / М.А.Темирова [жана башк.] – Ташкент:, Республикалык билим берүү борбору 2022. -224 б.
11.Адабият **8-класс**. [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сатибалдиев;– Ташкент:Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
12. Адабият **9-класс** [Текст] окуу китеби/ М.А.Темирова, М.Сулайманова. редактору Г.Темирова; – Ташкент:Гафур Гулом атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү.2025. – 240 б
13.Адабият [текст]: **10-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Ташкент:Билим берүү борбору 2024 -120 б.

14. .Адабият [Текст]: **11-классы** үчүн окуу китеби//М.Темирова жана башк. Т.: Чулпон атындагы БПЧҮ, 2018 -256 б.

**Pedagogika va kasb standartlari**

1. Mavlonova R.A., Umumiy pedagogika. Darslik. – Toshkent: Fan va texnologiyalar, 2018. – 528 b.

2. Xoliqov A. Pedagogik mahorat. Darslik, – Toshkent: “Bayoz” nashriyoti, 2025. – 504 b.

3. Tolipov O‘., Ro‘ziyeva D. Pedagogik texnologiyalar va pedagogik mahorat. O‘quv qo‘llanma. – Toshkent: “Innavatsiya-ziyo” nashriyoti, 2019. – 276 b.

4. Yuldasheva D. O‘zbek tilini o‘qitish metodikasi. Darslik. –Buxoro: “Sadriddin Salim Buxoriy” nashriyoti, 2021.– 424 b

5. Husanboyeva Q., Niyozmetova R. Adabiyot o‘qitish metodikasi (I-II). Darslik – Toshkent: “Innavatsiya-ziyo” nashriyoti, 2022. – 400 b. // – 392 b.

**Normativ-huquqiy asoslar**

1. O‘zbekiston Respublikasining “Ta’lim to‘g‘risida”gi Qonuni. 2020.

2. O‘zbekiston Respublikasining “Pedagogning maqomi to‘g‘risida”gi Qonuni. 2024.

3. Umumiy o‘rta ta’lim maktab o‘qituvchisi kasb standarti.